**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ**
**РАЗЗАКОВ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН**
**МЭРИЯ ГОРОДА РАЗЗАКОВ**

---

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

_______________20___-ж. №______                                        Раззаков ш.

**Раззаков шаарынын аймагында 2026–2027–жылдардын күз–кыш мезгиле карата даярдыктарды көрүү боюнча штабдын курамын түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026–жылдын 09–июнундагы “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2026–2027–жылдардын күз–кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” №404 токтомун, Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынын 2026–жылдын 29–июнундагы №2/157 тескемесин ишке ашыруу жана 2026–2027–жылдардын күз–кыш мезигиле карата Раззаков шаарынын экономика тармагын жана калкын электр энергиясы, жылуулук отун ресурстары менен камсыз кылуу боюнча иш аракеттерди жүргүзүү боюнча **Буйрук кыламын:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026–жылдын 09–июнундагы “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2026–2027–жылдардын күз–кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” №404 токтому, Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынын 2026–жылдын 29–июнундагы №2/157 тескемеси аткарууга алынсын;
2. Раззаков шаарынын аймагында 2026–2027–жылдардын күз–кыш мезигиле карата Раззаков шаарынын экономика тармагын жана калкын электр энергиясы, жылуулук отун ресурстары менен камсыз кылуу боюнча иш аракеттерди жүргүзүү боюнча төмөнкү шаардык штаб курамы түзүлсүн;

Халмуратов А.Т. – Раззаков шаарынын мэринин орун басары, **штабдын төрагасы**;

Нурдинбаев С.С. – Раззаков шаарынын мэриясынын аймактык экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы, **штабдын катчысы**;

**Штабдын мүчөлөрү**:
Насиров А.З. – Раззаков шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин башчысы;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Ахматов Е.Ж. – Раззаков шаарынын мэриясынын алдындагы “Лейлек-Тазалык” муниципалдык ишканасынын директору;

Туранов М.С. – Раззаков шаарынын мэриясынын алдындагы “Исфана Таза Суу” муниципалдык ишканасынын директору;

Жумагулов Ш.И. – Раззаков шаарынын мэриясынын аскердик каттоо боюнча эмгек келишимдин негизиндеги кызматкер;

Маллаев П.А. – Раззаков шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин чарба башчысы;

Раззаков шаарына караштуу айылдардын айыл башчылары жана шаардын кварталдары боюнча жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча кызматкерлери.

3. Штабдын курамына 2026–2027–жылдардын күз–кыш мезигиле карата Раззаков шаарынын экономика тармагын жана калкын электр энергиясы, жылуулук отун ресурстары менен камсыз кылуу боюнча иш аракеттерди жүргүзүү боюнча төмөнкүлөр милдеттендирилсин;

- 2026–жылдын 1–ноябрына чейин шаар мэриясы жана түзүмдүк бөлүмдөрү үчүн көмүр жана башка отун түрлөрүн сатып алуу иштерин жүргүзүп, жеткирүү боюнча келишимдер түзүлсүн;
- Жергиликтүү ММК, социалдык тармактарды жана калк арасында электр энергиясын үнөмдөө, күз-кыш мезгилине көмүр-отун даярдоо, коопсуздук чаралары боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн;
- Шаардык мэриясынын аппаратынын кызматкерлери жана түзүмдүк бөлүмдөр административдик имараттарында жумуштан тышкаркы убакта электр энергиясын сарамжалсыз пайдаланууга жол берилбесин;
- 2026–жылдын 25–октябрына чейин Раззаков шаарынын аймагында 2026–2027–жылдардын күз–кыш мезгилине карата муниципалдык көмүр базаларын уюштуруу үчүн жер тилкелерин бөлүп берүү, жооптуу адамдарды бекитүү жана көмүрдү сактоого ылайыктуу шарттарды (бастырмалар, инженердиктехникалык камсыздоо ж.б.) түзүү боюнча чаралар көрүлсүн;
- 2026–2027–жылдардын күз–кыш мезгилине карата Раззаков шаарынын мэриясы жана көмүр кенин казуучу “ЛИН СЮ”, “Нур”, “Адахан” жоопкерчилиги чектелген коомдору менен түзүлгөн келишимге ылайык муниципалдык көмүр базаларда арзандатылган көмүрдү камсыздап, жарандарды камсыздоо жана көмүрдүн зарыл запастарын түзүү боюнча иштерди уюштурсун;
- Жолдордун, түнкү жарыктандыруулардын, өзгөчө коопту аймактардын кышкы мезгилине карата даярдыктары каралсын;
- ай сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 5инен кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026–жылдын 9–июнундагы №404–токтомун жана ушул буйруктун аткарылышы боюнча маалыматтарды, анын ичинде көмүр сатып алуу жана

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

жеткирүү, отун даярдоо боюнча пландардын аткарылышы, көмүр сатуу пункттарынын иши, көмүр кампаларынын абалы жана көмүрдүн орточо базар баалары жөнүндө маалыматтарды Лейлек районунун мамлекеттик администрациясына жазуу жүзүндө камсыз кылсын.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө өзүмө калтырамын.

**Мэр** **Д.И.Кенжебаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-03-322, 21.10.2026

Кол койгон: Кенжебаев Д.И.